**БЕКИТЕМИН**
С.Нааматов атындагы НМУнун
Агрардык техникалык-экономикалык
колледжинин Педагогикалык кеңешинде
каралды жана бекитилди
«26» XII 202_ -жыл. Протокол № 1
АТЭКтин директору ________Жаныбек у Р.

# АГРАРДЫК ТЕХНИКАЛЫК-ЭКОНОМИКАЛЫК КОЛЛЕДЖИНИН НЕГИЗГИ КЕСИПТИК БИЛИМ БЕРҮҮ ПРОГРАММАСЫ БОЮНЧА БИЛИМ БЕРҮҮ ИШМЕРДҮҮЛҮГҮН УЮШТУРУУНУН ЖАНА ИШКЕ АШЫРУУНУН ТАРТИБИНИН ЖОБОСУ

## 1.Жалпы жоболор

1.1. Негизги кесиптик билим берүү программасын (мындан ары НКББП) иштеп чыгуу жана бекитүү жобосу (мындан ары жобо) Агрардык техникалык-экономикалык колледжинин (мындан ары колледж) орто кесиптик билим берүүдөгү Негизги кесиптик билим берүү программасын даярдоонун жана бекитүүнүн тартиптерин жөнгө салуучу локалдык нормативдик акты болуп саналат.

1.2. Бул жобо Кыргыз республикасынын «Билим берүү жөнүндөгү» мыйзамынын; орто кесиптик билим берүүдөгү (ОКБ)мамлекеттик стандарттарынын негизинде иштелип чыкты.

1.3. Негизги кесиптик билим берүү программасы студенттердин жалпы жана кесиптик компетенцияларын, инсандык сапаттарын өнүктүрүүгө багытталат.

1.4. Колледж тарабынан иштелип чыккан адистиктер боюнча орто кесиптик билим берүүдөгү НКББП билим алуучулардын Кыргыз Республикасынын орто кесиптик билим берүүдөгү бекитилген мамлекеттик стандарттардын талаптарына ылайык НКББПнын негизги жана вариативдик бөлүтөрүн өздөштүрүү натыйжаларына жетишүүсүн камсыздоого тийиш.

## 2. НКББПнын курамына жана мазмунуна коюлуучу талаптар.

2.1. Орто кесиптик билим берүүдөгү адистиктер боюнча НКББП төмөндөгү окуу циклдарын:
- жалпы гуманитардык жана социалдык экономикалык;
-математикалык жана жалпы табигый илимдик;
-кесиптик; жана бөлүмдөрү:
-окуу практикасын;
-адистиги боюнча өндурүштүк практиканы;
-өндүрүштүк (диплом алдындагы) практиканы;
-аралыктардагы аттестацияларды;
-мамлекеттик жыйынтыктоочу аттестацияларды (квалификациялык бүтүрүү ишине даярдыкты жана коргоону), камтыйт.

2.2. Колледж НКББП иштеп чыгуу алдында даярдалуучу адистиктерге болгон эмгек рыногунун жана жумуш берүүчүлөрдүн кызыкчылыктарын аныктайт жана практикалык тажрыйба учурунда жетише турган компетенциялар түрүндөгү билимдер менен көндүмдөрдү конкреттештирет.

***2.3. НКББП камтышы керек:***

2.3.1. Орто кесиптик билим берүүдөгү адистиктер боюнча колледж тарабынан ишке ашырылып жаткан Орто кесиптик билим берүүдөгү НКББПнын ишке ашырылышынын максаттарын;

2.3.2. Адистиктер боюнча Орто кесиптик билим берүүдөгү НКББПда бүтүрүүчүнүн

кесиптик ишмердүүлүгүндөгү мүнөздөмөсү өз ичине бүтүрүүчүнүн кесиптик ишмердүүлүгүндөгү областтарды жана обьекттерди, кесиптик ишмердүүлүктүн түрлөрүн жана милдеттерин, НКББПын өздөштүрүүнүн натыйжасында калыптандырылуучу бүтүрүүчүнүн компетенцияларын камтыйт.

2.3.3. НКББПсын ишке ашыруудагы окуу процессии уюштуруучу жана анын мазмунун регламенттештирүүчү документтер:

-окуу планы;

-окуу процессинин календарлык графиги;

-окуу дисциплиналарынын жумушчу программалары;

-окуу жана өндүрүштүк практикалардын программалары;

-адистиктер боюнча мамлекеттик жыйынтыктоочу аттестациялардын программалары.

2.3.4. НКББПсын ишке ашыруунун шарттарына карата талаптар:

-мамлекеттик билим берүү стандарттарынын талаптарына ылайык адистиктер боюнча НКББПсын ишке ашыруучу педагогикалык кадрлар менен камсыздоо;

-бардык дисциплиналарды, дисциплиналар аралык курстарды, кесиптик модулдарды окуу- методикалык документтер менен камсыздоо;

-бардык билим алуучуларды маалыматтык базалар, китепкана фонддору, Интернет түйүнү менен жеткиликтүү камсыздоо;

-НКББПсын өздөштүрүүчү бардык билим алуучуларды аралыктагы жана жыйынтыктоочу аттеастациялоочу сапаттык баалоо системасын нормативдик-методикалык жактан камсыздоо;

-окуу процессии материалдык-техникалык жактан камсыздоо.

## 3. НКББПсын иштеп чыгуу жана бекитүүнүн тартиби.

3.1. НКББП колледж тарабынан колледжде ишке ашырылуучу ОКБнун мамлекеттик стандарттарына жана ушул жобонун шарттарына ылайык иштелип чыгат.

3.2. Окуу дисциплиналарынын жумушчу программаларын иштеп чыгуунун жана бекитүүнүн тартиби ОКББ МББСна ылайыкталып колледждин ички жоболорунун негизинде жүргүзүлөт.

3.3. Колледж МББСнын вариативдүү бөлүгүнүн ичинен эмгек рыногунун талаптарын эске алуу менен студенттердин билимин тереңдетүүгө жана кошумча компетенцияларды калыптандырууга багытталган, ОКББ МББСда каралбаган жаны окуу дисциплиналарынын программаларын, иштеп чыга алат.

3.4. Адистиктер боюнча НКББП колледждин Методикалык кеңешинде каралып, кабыл алууга чечим чыгарылат жана директор тарабынан бекитилет.

3.5. Орто кесиптик билим берүүдөгү НКББП кабыл алууга чейин жумуш берүүчүлөрдүн өкүлдөрү менен талкууланып алар тарабынан жактырылгандан кийин гана колу коюлат.

3.6. Адистиктер боюнча НКББПнын титулдук барагы, анын ички бети, НКББПнын курамындагы документтердин тизмеси, жумуш берүүчүлөрдүн пикири жана алардын макулдугу болушу керек.

3.7. Колледж тарабынан ишке ашырылуучу адистиктер боюнча НКББП эмгек рыногунун жана жумуш берүүчүлөрдүн суроо талаптарына жараша жыл сайын жаңыртылып турушу

керек.